**Жусуп Турусбеков атындагы №33 жалпы билим берүүчү орто мектебинин педагогикалык кеңешмесинин №1 токтому**

**20.08.2018-жыл.** **Каба айылы:**

**Катышкан мугалим 21**

**Күн тартибинде каралуучу маселе**

1. Мектептин миссиясын кабыл алуу.
   Күн тартибиндеги маселе боюнча мектеп директору А. Мурзакулов сөз сүйлөп төмөнкүлөргө токтолду.
   - Урматтуу кесиптештер өзүңөргө белгилүү болгондой быйыл 2018-жылы мектебибиз жалпы жалпы жана негизги билим берүүчү программасы боюнча өткөрүлгөн аккредитациядан өткөрүлүп Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 05.06.2018-жылдагы №894/1 буйругу менен №сс 190003389 күбөлүгүн алдык. Бирок билим сапатын көтөрүү жана коомго пайдасын тийгизген инсандарды тарбиялоо максатында алгылыктуу иштер жакшы аткарылбай жатканы айдан ачык көрүнүп турат. Ошондуктан келечекте коомго тийгизген таасири зор инсандарды тарбиялап чыгарсак. Азыркы технологиянын өнүккөн заманында жаңылык, ой жүгүртүүсү жогору, технологияны өздөштүрө билген инсандар, улуттук каада-салтты түшүнгөн, тарыхый мурастарды сактаган, маданиятты туу көтөргөн жаштар келечегибиздин түркүгү боло алат.
     Ошондой инсандарды тарбиялап чыгаруу үчүн биз мектептин ички миссиясы кабыл алуубуз шарт жана зарыл. Биздин билим берүү багытыбыз, алдыга койгон максатыбыз бир болсо эң жакшы жыйынтык чыгат. Ушул максаттарыбызды ишке ашыруу үчүн Жалпы орто билим берүүдө мамлекеттик билим стандарттынын негизинде жаңы технологияларды колдонуу аркылуу билим сапатын жогорулатуу максатында төмөнкүдөй миссияны кабыл алсак.
     “Жогорку адамгерчилик сапаты калыптанган, өз элинин маданиятын баалай билген жана баардык элдердин маданиятын урматтаган, өмүр бою билим алып өлкөнү өркүндөтүүгө салым кошууга даремети жетээрлик дени сак, изденчек, чыгармачыл инсанды тарбиялоо”
     Мыша ушул миссияны туура колдонуп мектептин жана ата-энелердин планына киргизсек жакшы болот эле.
     Окуу бөлүмүнүн башчысы Б. Алымкулов айтылган ой –пикирге толуктап өз пикирин билдирди. мектеп жетекчиси эң туура сөздү козгоду. Биздин бир багытыбыз болуш керек, ошол багыт боюнча ар бир мугалим өз алдынча изденип, чыгармачылык менен иштешсе биздин окутуп чыгарган балдарыбыз келечекте алдынкы инсандардан болот. Биз билим берүү өзүбүзгө заводбуз. Турмушта адамдар начар инсан болсо биз мугалимдер түздөн-түз күнөөлүбүз. Демек биздин продукция начар чыккан болуп эсептелет. Мен агай айткан миссияны толук колдоймун. Айтылган ой-пикирлерди мугалимдер толук колдошсун.
     Жогорудагы маселелерди угуп жана талкуулап педагогикалык кеңешме токтом кылат:
     1. Мектепте “Жогорку адамгерчилик сапаты калыптанган, өз элинин маданиятын баалай билген жана баардык элдердин маданиятын урматтаган, өмүр бою билим алып өлкөнү өркүндөтүүгө салым кошууга даремети жеткен дени сак, изденгич, чыгармачыл инсанды тарбиялоо” деген миссия кабыл алынсын.
     2. Кабыл алынган миссия мектептин иш-планына киргизилип, мектептин усулканасынын көрүнө жерине жазылып илинсин.
     3. Ар бир мугалим кабыл алынган миссияны туу тутуп чыгармачылык менен иштешсин.
     4. Кабыл алынган миссияны ар бир мугалимге жеткирүү жана миссиянын негизинде иш алып баруу, мугалимдердин иш тажрыйбасын жайылтуу окуу бөлүмүнүн башчысы Алымкулов Болотбекке милдеттендирилсин.

**Педагогикалык кеңешменин төрагасы:** ______________ **Мурзакулов А.**

**Катчысы:** ______________ **Пусурова Г.**